Мамлекеттик мүлк аянтына карабастан мамлекеттик-жеке өнөктөштүк

18. Муницыпалдык мүлктү ижарага түз берүү үчүн баланс кармоочу муницыпалдык мүлктү ижарага берүү келишиминин долбоорун ыйгарым укуктуу органга макулдашууга берет.

Ижара келишиминин долбооруна төмөнкүлөр тиркелет:

- ижарага берилип жаткан муницыпалдык мүлктүн техникалык паспортунун же башка техникалык документтеринин (схема, план) көчүрмөлөрү;

- ижарага алуучу - жеке жак үчүн: ким экендигин күбөлөгөн документинин көчүрмөсү; жеке ишкерлер үчүн: ишкердик иш-аракеттерди жүргүзүүчү жеке жактын мамлекеттик каттоосу (кайра каттоосу) жөнүндөгү күбөлүгүнүн же патентинин көчүрмөсү; юридикалык жак үчүн - юридикалык жакты мамлекеттик каттоо (кайра каттоосу) жөнүндө күбөлүгүнүн нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

- ижаралык акынын эсеби.

Ижара келишими, ижара келишиминин мөөнөтүн көрсөтүү менен баланс кармоочу-уюмдун жетекчиси кол койгон расмий кат менен коштолот.

19. Расмий кат менен ижара келишиминин долбоору келип түшкөн күндөн кийин бир айдын ичинде ыйгарым укуктуу орган, берилген материалдарды карап чыгат, ижаралык акынын туура эсептелгендигин текшерет жана төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

- ижара келишимин макулдашуудан жана каттоодон өткөрөт;

- келишим ушул Жобонун ченемдерине жооп бербеген учурда ижара келишиминин долбоорун жана ижаралык акынын эсебин тактап иштөөгө кайра кайтарылат;

- кыймылсыз муницыпалдык мүлктүн ижарага бериле турган аянты жетимиш кв.м ашык болсо, ижара келишимин түзүү укугуна карата аукцион өткөрүүнүн зарылдыгы жөнүндө баланс кармоочуга билдирет.

Тараптар тарабынан кол коюлган ижара келишими жети күндүк мөөнөттө ижарага берүүчүнүн расмий каты менен ыйгарым укуктуу органга каттоо үчүн берилет.

## 3. Муницыпалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна карата аукцион өткөрүү

20. муницыпалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна карата аукцион өткөрүү үчүн баланс кармоочу ыйгарым укуктуу органга тиркемеси менен бирге расмий кат жөнөтөт:

- бул Жобонун 1-тиркемесине ылайык форма боюнча жетекчи кол койгон арыз;

- ижаралык акынын баштапкы өлчөмүнүн эсеби;

- ижарага берилип жаткан муницыпалдык мүлктүн техникалык паспортунун же башка техникалык документтеринин (схема, план) көчүрмөлөрү.

21. Арыз келип түшкөн күндөн кийин ыйгарым укуктуу орган бир айдын ичинде:

- берилген материалдарды карап чыгат, ижаралык акынын баштапкы өлчөмү туура эсептелгендигин текшерет;

- аукцион өткөрүү күнүн, ордун жана формасын аныктайт;

- талапкер берүүчү шертпулдун суммасын жана мөөнөтүн аныктайт;

- аукцион өткөрүү жөнүндө маалыматтык билдирүүнүн текстин даярдайт, өзүнүн расмий интернет-сайтында жайгаштырат жана жалпыга маалымдоо